*Долбоор*

Тиркеме 1
«Сабат-6» окуу сабаттуулугун
мониторинг боюнча улуттук
программанын Жобосуна

**«Сабат-6» окуу сабаттуулугун баалоо боюнча Улуттук программанын критерийлери жана индикаторлору.**

I. «Сабат-6» окуу сабаттуулугун баалоо боюнча Улуттук программанын критерийлери – 6-класстын окуучуларынын окуу сабаттуулугунун деңгээлин жана билим берүү натыйжаларынын сапатын мамлекеттик жана предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык баалоо үчүн негизги критерийлер:

| № | Критерийлер | Баалоонун мазмуну |
|---|---|---|
| 1 | **Предметтик натыйжалар** – бул окуучулар белгилүү бир окуу предметинин процессинде өздөштүрүшү керек болгон конкреттүү билимдер, көндүмдөр, жөндөмдөр жана иш-аракеттердин ыкмалары. Алар ар бир предметтик чөйрөнүн өзгөчөлүгүн чагылдырат жана мындан ары окууга, ошондой эле жашоодо билимди колдонууга негиз түзөт | Окуу компетенцияларын өздөштүрүү (текстти эстетикалык кабыл алуу жана маалыматты иштеп чыгуу) |
| 2 | **Билим берүү процессинин шарттары.** Билим берүү процессинин шарттары окутуунун максаттарынан жана мазмунунан баштап, окуу ишин уюштуруунун формаларына, методдоруна жана каражаттарына чейин көптөгөн аспектилерди камтыйт. Алар ошондой эле окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, алардын мотивациясына жана муктаждыктарына тыгыз байланыштуу. Материалдык-техникалык камсыздоону да, класстагы психологиялык климатты да камтыган жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүү маанилүү компонент болуп саналат. | **Ресурстар менен камсыздоо** (китепканалар, окуу материалдары, коопсуз чөйрө). **Заманбап технологияларды киргизүү:** Цифрлык ресурстарды, интерактивдүү такталарды, онлайн платформаларды колдонуу. **21-кылымдын көндүмдөрүн өнүктүрүү – 4К:** Критикалык ой жүгүртүү, креативдүүлүк, коммуникация, коллаборация болуусу. **Өз алдынча билим алуунун ролун жогорулатуу:** Окуучулар өз алдынча билим алууну, маалымат издөөнү, аны талдоону жана практикада колдонуусу. **Билим берүү чөйрөсүндөгү өз ара аракеттенүү маданияты:** Мугалим менен окуучулардын, ошондой эле окуу процессиндеги окуучулардын ортосундагы баарлашуунун ченемдеринин, баалуулуктарынын жана практикаларынын жыйындысы, ал бардык тараптардын урмат-сыйын, ишенимин, кызматташтыгын жана билим берүү процессине активдүү катышуусун камсыз кылуусу |

| | | |
|---|---|---|
| 3 | Кадрдык потенциал | Мугалимдердин квалификация деңгээли жана окутуу методикаларынын натыйжалуулугу.<br>**Кесиптик компетенциялар:**<br>мугалимдердин жана башка кызматкерлердин билимдери, көндүмдөрү, жөндөмдөрү, иш тажрыйбасы, квалификациясы.<br>**Инсандык сапаттар:**<br>интеллектуалдык жөндөмдөр, мотивация, жоопкерчилик, коммуникативдик көндүмдөр, уюштуруучулук жөндөмдөр.<br>**Өнүгүү потенциалы:**<br>кесиптик өсүү, жаңы технологияларды өздөштүрүү, инновацияларды киргизүү үчүн мүмкүнчүлүктөр.<br>**Социалдык потенциал:**<br>жамааттагы мамилелер, ишеним деңгээли, биргелешип иштөө жөндөмдүүлүгү |
| 4 | Билим берүү уюмунун ишин уюштуруу, координациялоо жана контролдоо, анын максаттарына, мисалы, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана мектептин натыйжалуу иштешине жетишүү үчүн багытталган | Мектеп – ата-энелер – коомчулук» өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугу |

II. "Сабат-6" улуттук окуу сабаттуулугун баалоо программасынын индикаторлору – 6-класстын окуучуларынын текстти түшүнүү менен окуу көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин жана ушуга байланыштуу билим берүү жетишкендиктерин аныктоо, бул мектеп билим берүүсүнүн сапатын объективдүү жана салыштырууга мүмкүн болгон баалоону камсыз кылат.

Индикаторлор мамлекеттик жалпы билим берүү стандартынын (МЖБС) негизги компетенциялары боюнча топтолгон:

| № | Компетентүүлүгү | Индикатору | Татаалдык деңгээли |
|---|---|---|---|
| 1 | Маалымат издөө | Текстте ачык берилген маалыматты табуу (окуучулардын үлгүгө (аткарылуучу иш-аракеттин белгиленген алгоритмине) ылайык иш алып баруу жөндөмү) | Базалык деңгээл |
| | | Табылган маалыматтын негизинде жөнөкөй тыянак чыгаруу (татаал эмес иш-аракетти аткаруу жана үйрөнгөн алгоритмди жаңы | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | кырдаалда колдонуу жөндөмү) | |
| | | Экологиялык багыттарды аныктоо («жашыл көндүмдөр») | |
| 2 | Интерпретациялоо | Тексттеги себеп-натыйжалык байланыштарды талдоо | *жогорку деңгээл* |
| | | Тексттин ар кандай бөлүктөрүндөгү маалыматтарды салыштыруу | |
| 3 | Баалоо | Маалыматтын ишенимдүүлүгүн сынчыл талдоо | *жогорку деңгээл* |

III. Жетишкендиктердин деңгээлдери

| № | Деңгээлдер | Мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| 1 | Жогорулатылган | Татаал тексттерди өз алдынча талдоо, маалыматка негизделген жүйөлүү баа берүү |
| 2 | Негизги | Тексттин негизги оюн түшүнүү, үлгү боюнча тапшырмаларды аткаруу |
| 3 | Босого деңгээли | Жөнөкөйлөтүлгөн тексттерден ачык берилген маалыматты табуу |
| 4 | Босогодон төмөн | Текст менен иштөөнүн базалык аракеттерин аткара албоо |

IV. Баалоо методологиясы

| **№** | **Инструмент** | **Өткөрүү форматы** | **Катышуучулар** |
|---|---|---|---|
| **1** | **Стандартташтырылган тесттер.** Өзүнүн спецификациясы жана белгилүү мүнөздөмөлөрү бар, өкүлчүлүктүү тандалмада туруктуу түрдө тастыкталган тест. | Интерактивдүүлүктү, тапшырмалардын адаптивдүүлүгүн жана жыйынтыктарды автоматташтырылган иштетүүнү камсыз кылган электрондук платформаларды жана санариптик инструменттерди колдонуу менен окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоону уюштуруу. | Окуучулар |
| 2 | **Анкеталоо.** Респонденттерден маалымат чогултуу үчүн арналган | **Санариптик анкеталоо форматы** | Окуучулар, педагогдор, ата-энелер, администрация |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | түзүмдөлгөн суроолор жыйындысы. | Анкеталоону өткөрүү жана жыйынтыктарын баалоо үчүн интерактивдүүлүктү, тапшырмалардын адаптивдүүлүгүн жана жыйынтыктарды автоматташтырылган иштетүүнү камсыз кылган электрондук платформаларды жана санариптик инструменттерди колдонуу | |
| 3 | **Окутуу шарттарына эксперттик баа берүү** | Билим берүү чөйрөсүнүн сапаты жана окутуу шарттары тестирлөө жана анкеталоонун жыйынтыктарынын негизинде талданат: коюлган билим берүү максаттарына канчалык деңгээлде жетишилип/жетишилбей жаткандыгы, окуучулардын материалды өздөштүрүүсү жана билимди практикада колдонуу жөндөмү. | Тышкы эксперт |
| 4 | **Катышуучулардын репрезентативдүү тандалмасы** Өлкө боюнча 6-класстын бардык окуучуларынын жыйындысынын негизги мүнөздөмөлөрүн так чагылдырган бөлүгү; бул бөлүктүн жыйынтыктарынын негизинде жалпы жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк берет | Ар бир аймактан мектептердин 10%ы | Тандалган мектептерде класстарды же окуучуларды тандалма түзүү методологиясына ылайык кокустук ыкма менен тандоо |
| 5 | **Тесттик тапшырмаларды баалоо шкалалары** Жыйынтыкты –100дөн 999 баллга чейинки диапазондо баалаган баллдык шкала колдонулат | | Билимди тестирлөөчү **OpenTest** системасында жыйынтыктарды эсептөө үчүн дээрлик каалаган баллдык шкаланы орнотууга болот. Шкала тестке толугу менен же ар бир бөлүм үчүн өз-өзүнчө белгилениши мүмкүн. |

## V. Корутунду

**«Сабат-6» окуу сабаттуулугун баалоо боюнча Улуттук программанын жыйынтыктары төмөнкүлөргө өбөлгө түзөт:**

- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ишке ашырылышынын натыйжалуулугун объективдүү баалоону камсыз кылууга;
- 12 жылдык билим берүүгө өтүү шартында окуу программаларын корректировкалооого;
- окуучулардын окуу көндүмдөрүнүн сапатын жогорулатууга багытталган даректүү чараларды жана программаларды иштеп чыгууга.